# ТАКТАМА

Кара-Суу шаары 4.05.2024-ж.

Кара-Суу районунун прокурорунун орун басары С.Чыбышев, Кара-Суу РИИБнун ТБнун улук тергөөчүсү М.Канкелдиев тарабынан кылмыш иш козгоодон баш тартылган 02-034-2024-001919 сандуу өндүрүш материалын көзөмөл иретинде окуп чыгып, төмөндөгүлөрдү аныктадым.

Кара-Суу РИИБнин ЭММКАКнын башчысы милициянын майору Э.Ашимов билдирме менен кайрылып. Анда ал интернет булагынын социалдык тармактарына мониторинг жүргүзгөн учурда "Вотсап" тиркемелеринде Кара-Суу №9 бир мандаттуу шайлоо округунан: 1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Курбанов Раимжан Кашкар-Кыштак (АлаТоо) айыл өкмөтүнүн Мөнөк айылынын тургундары мечитте бата берип, айылдын жаштарын жана башка тургундарын паспортторун жана көчүрмөлөрүн добуш берүү максатында чогултуп алгандыгы жана айыл өкмөт колдоп жаткандыгы; 2. Талапкер Орунбаев Турдубек Кара-Суу шаарынын Ак-Өргө жана Тельман участкасынын шайлоочуларына силер менин үгүттөөчүм болдуңар деп накталай 8000 сом жана 3000 сомдон Мбанк аркылуу которуп берип жаткандыгы, 21-22-апрель күндөрү Жоош айыл өкмөтүнүн Мамажан айылынын спорт аянтчасында жаштар үчүн спорттук иш-чараларды өткөргөндүгү, спорт оюндарын уюштуруп өткөрүүгө жана жеңүүчүлөргө сыйлык катары акча каражаттарын төлөп бергендиги; 3. Талапкер Кубанычбеков Илимбек тарабынан Кара-Суу шаарынын, Кашкар-Кыштак, Ак-Таш, Жылкелди айылдарынын шайлоочуларына сый-тамак уюштурулуп, Мбанк аркылуу акча каражаттарын которуп жаткандыгы, 11-апрель күнү Кара-Суу шаарынын "Аят" кафесинде Ооган согушунун 32 ардагерине, добуштарды сатып алуу максатында сый-тамак тартуулап, конверттерде накталай акча бергендиги, сый-тамакка Ооган согушунун ардагерлеринин төрагасы Таалай аттуу жаран жана Тойчиев Карим аттуу жаран аркылуу чакырылып, сый-тамак учурунда талапкерге добуш берүүгө чакыруулар айтылгандыгы, ушундай эле сый-тамакты 18-апрель күнү КашкарКыштак айылынын Маданият үйүнүн аянтында аудио концерт түрүндө уюштуруп, 50 жаранга 5000 сомдон накталай акча таратылгандыгы, сый-тамак маданият үйүнүн жанындагы Вали аттуу жаранга таандык кафеде уюштурулгандыгы тууралуу маалыматтар таралып жаткандыктан, бул маалыматтар боюнча текшерүү жүргүзүү үчүн Кара-Суу РИИБдин МЭЖне каттоого уруксат берүүнү суранган.

Аталган билдирүү Кара-Суу РИИБдин КБР МЭЖне 02-034-2024-001919 саны менен 26.04.2024-жылы катталып, тергөөгө чейинки текшерүү башталган.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен аталган материал боюнча көрсөтүлгөн окуяда эч кандай кылмыштын курамы аныкталбагандыгына байланыштуу 1.05.2024-жылы аталган бөлүмдүн ТКнын улук тергөөчүсү М.Канкелдиев тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п. кылмыш иш козгоодон баш тартуу токтому кабыл алынган.

Андыктан, аталган материал боюнча тергөөгө чейинки текшерүү иштери Кыргыз Республикасынын КЖПКнин талаптарын сактоо менен жүргүзүлгөн, негиздүү жана мыйзамдуу, бузууга негиз жок.

Кара-Суу районунун прокурорунун
орун басары С.Чыбышев

Сканировано с CamScanner